# ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИНИН СОТУ

## КОНСУЛЬТАТИВДИК КОРУТУНДУ

2023-жылдын 30-майы Минск шаары

Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун Чоң коллегиясы, курамында төрагалык кылуучу Соттун төрагасы Е.В. Айриян, судья-баяндамачы К.Л. Чайка, судьялар А.М. Ажибраимова, Ж.Н. Баишев, Д.Г. Колос, Т.Н. Нешатаева, В.Х. Сейтимова, Г.А. Скрипкина., А.Е. Туманян, А.А. Федорцов,

соттук отурумдун катчысы Н.С. Чеченова,

Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун Статутунун 46, 47, 50, 68, 69, 73 – 75, 96 жана 98-пункттарын, Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун Регламентинин 72, 75 жана 85-беренелерин жетекчиликке алып,

2018-жылдын 2-февралындагы Евразия экономикалык бирлигинде товарларды идентификациялоо каражаттары менен маркалоо жөнүндө макулдашуунун жоболоруна жана идентификациялоо каражаттары менен айрым товарларды маркалоону ишке киргизүүнү караган Евразия экономикалык комиссиясынын Кеңешинин чечимдерине түшүндүрмө берүү жөнүндө Беларусь Республикасынын Юстиция министрлигинин арызы боюнча консультативдик корутунду берет.

### I. Арыз ээсинин суроосу

Беларусь Республикасынын Юстиция министрлиги (мындан ары – Юстиция министрлиги, арыз ээси) Евразия экономикалык бирлигинин Сотуна (мындан ары – Сот) улуттук маркалоо системасында идентификациялоо каражаттарын түзүүдө колдонулган маркалоо кодунун бөлүгү жөнүндө гана маалымат камтылган учурда, Евразия экономикалык бирлигинин (мындан ары – ЕАЭБ) бир мүчө мамлекетинде чыгарылган товарлардын ЕАЭБдин башка мүчө мамлекетинде жүгүртүүдө болуу мүмкүнчүлүгү (мүмкүн эместиги) бөлүгүндө 2018-жылдын 2-февралындагы Евразия экономикалык бирлигинде товарларды идентификациялоо каражаттары менен маркалоо жөнүндө макулдашуунун (мындан ары – Макулдашуу) жоболоруна түшүндүрмө берүү тууралуу арыз менен кайрылган.

Арыз ээси Макулдашуунун 1-беренесиндеги «маркаланган товарлар» терминининин аныктамасын камтыган ченемге таянып, аталган эл аралык келишимдин талаптарын аткаруу максатында 2011-жылдын 10-июнунда «Товарларды маркалоо жөнүндө» Беларусь Республикасынын Президентинин

№ 243 Жарлыгы (2021-жылдын 6-январындагы № 9 Жарлыктын реакциясында) кабыл алынган деп эсептейт. Арыз ээси Беларусь Республикасынын Президентинин Жарлыгына ылайык, эгерде товарларга же алардын таңгактарына Беларусь Республикасынын Министрлер Кеңеши же ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленген тартипте аларга идентификациялоо каражаттары жана мындай товарлар жөнүндө ишенимдүү маалыматтар түшүрүлсө, ошондой эле аларга же таңгактарына түшүрүлгөн идентификациялоо каражаттары маркалоо системасында камтылса, товарлар маркаланган деп эсептелерин белгилейт. Идентификациялоо каражаттары менен маркалоо системасына, товарларга берилген товарлар жөнүндө маалыматтардын дал келбестиги мындай товарлар идентификациялоо каражаттары менен маркаланбаган катары эсептелет.

Юстиция министрлиги ошондой эле ЕАЭБдин бир жана андан көп мүчө мамлекеттеринин аймагында товарларды маркалоону ишке киргизүү датасынан тартып аймагынан маркаланган товар ташылган мүчө мамлекеттин улуттук оператору тарабынан аймагына маркаланган товар келип түшкөн мүчө мамлекеттин улуттук операторуна тиешелүү идентификациялоо каражаттары жөнүндө маалыматтарды берүү шартында транс чек аралык сооданын алкагында ташылган маркаланган товарларга түшүрүлгөн идентификациялоо каражаттарын өз ара таанууну камсыз кылуу каралган Евразия экономикалык комиссиясынын Кеңешинин (мындан ары – ЕЭК, Комиссия) айрым товарларды идентификациялоо каражаттары менен маркалоону ишке киргизүү жөнүндө чечимдеринин жоболоруна шилтеме кылат. Арыз ээсинин пикири боюнча, ЕЭК Кеңешинин аталган чечимдеринде товарларды маркалоо үчүн маалыматтардын төрт тобун камтыган идентификациялык каражат колдонула тургандыгы каралган, ал эми сүт азыктары үчүн маалыматтардын үч тобун колдонуу белгиленген.

Юстиция министрлиги мүчө мамлекеттердин компетенттүү органдарынын ортосунда өз ара маалымат алмашуунун алкагында маалыматтардын эки тобу (текшерүү ачкычы жана электрондук кол тамга) транс чек аралык ташуу жөнүндө маалыматтарда берилбей турган фактыга Соттун көңүл буруусун өтүнөт. Товарларды транс чек аралык ташууда сүт азыктарына карата текшерүү коду жөнүндө маалыматтарды берүүнүн зарылдыгы мүчө мамлекеттин мыйзамдарына ылайык аныкталат.

Ушуга байланыштуу, арыз ээси белгилегендей, Беларусь Республикасынын товарларды маркалоонун маалыматтык системасынын улуттук компонентине (мындан ары – улуттук компонент) идентификациялоо каражаттары жөнүндө эмес, алардын бөлүгү жөнүндө маалымат келип түшөт. Жогоруда айтылгандар Беларусь Республикасынын аймагына ташылган

товарлар маркаланган деп таанылышы мүмкүн эмес деп арыз ээсине тыянак чыгарууга негиз берет, анткени аларга карата улуттук компонентте ишенимдүү маалыматтардын камтылгандыгы жөнүндө Макулдашуунун 1-беренесиндеги каралган талаптар сакталбай келет.

**II. Соттогу жол-жоболор**

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин (мындан ары – Келишим) № 2 тиркемеси болуп саналган Соттун Статутунун (мындан ары – Статут) 68-пунктуна ылайык түшүндүрмө берүү жөнүндө иштерди кароо тартиби Жогорку Евразия экономикалык кеңешинин 2014-жылдын 23-декабрындагы № 101 чечими менен бекитилген Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун Регламенти (мындан ары – Регламенти) менен аныкталат.

Регламенттин 75-беренесинин тартибинде ишти кароого даярдоонун алкагында Бирликтин мүчө мамлекеттеринин ыйгарым укуктуу органдарына тиешелүү суроо-талаптар жөнөтүлгөн жана Армения Республикасынын Мамлекеттик кирешелер комитетинен, Беларусь Республикасынын Салык жана жыйымдар министрлигинен, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынан, Россия Федерациясынын Өнөр жай жана соода министрлигинен жооптор алынган.

Соттун суроо-талабы боюнча Комиссия тарабынан Макулдашууга жана айрым товарларды маркалоо маселелерин жөнгө салуучу ЕЭК Кеңешинин чечимдерине карата даярдалган материалдар берилген.

Чоң коллегия Бирликтин мыйзамдарына түшүндүрмө берүү менен Статуттун 50-пунктуна ылайык бардык мүчө мамлекеттер катышуучу болуп саналган 1969-жылдын 23-майындагы Эл аралык келишимдердин укугу жөнүндө Вена конвенциясынын ченемдерин, атап айтканда, преамбуласын жана тиркемелерин эске алуу менен келишимдин терминдеринин контекстинен алганда аларга көңүл буруу зарыл болгон кадимки маанисине ылайык, ошондой эле келишимдин объектисинин жана максаттарынын негизинде эл аралык келишим ак ниеттүүлүк менен чечмеленүүгө тийиш болгон ушул Конвенциянын 31-беренесин жетекчиликке алат.

**III. Тыянактар**

**1.** ЕАЭБде товарларды маркалоону укуктук жактан жөнгө салуу Бирликтин алкагындагы эл аралык келишимге – анын ичинде Келишимдин 3-беренесинде аныкталган өз ара пайдалуу кызматташтык жана ак ниеттүү атаандаштык тууралуу Бирликтин принциптеринин иштешин камсыз кылуучу

Идентификациялоо каражаттары менен товарларды маркалоо жөнүндө макулдашууга ылайык жүзөгө ашырылат.

Макулдашуунун преамбуласына ылайык анын максаты болуп ЕАЭБ алкагында товарлардын мыйзамдуу жүгүртүүсүн камсыздоо, керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жана аларды адаштырган аракеттерге жол бербөө саналат. Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча Макулдашуунун багыты бул чөйрөдө макулдашылган саясатты ишке ашыруу тууралуу Макулдашуунун 61-беренесине шайкеш келет. Макулдашуу ЕАЭБ алкагында товарлардын эркин кыймылын жана мыйзамдуу жүгүртүлүшүн камсыз кылуу үчүн товарлардын бирдиктүү рыногун түзүү тууралуу Келишимдин 4-беренесинин жана Бирликте тарифтик эмес жөнгө салуу чараларын колдонууга тыюу салуу тууралуу келишимдин 28 жана 29-беренелеринин ченемдерин кеңейтип берет. Бул тыянак Макулдашуунун колдонулушун Келишимдин 28-беренесинин жоболоруна ылайык товарлардын эркин кыймылы жана ЕАЭБдин чарба жүргүзүүчү субъекттери үчүн бирдей шарттардын түзүлүшү менен байланыштырган «2018-жылдын 2-февралындагы Евразия экономикалык бирлигинде товарларды идентификациялоо каражаттары менен маркалоо жөнүндө макулдашууну ишке ашыруунун жүрүшү жана Евразия экономикалык бирлигинде идентификациялоо каражаттары менен товарларды маркалоо системасын андан ары өнүктүрүү жөнүндө» Евразия өкмөттөр аралык кеңешинин 2020-жылдын 17-июлундагы № 11 тескемесинин (мындан ары – № 11 тескеме) преамбуласынын жоболору менен ырасталат.

Жогоруда айтылгандардын байланыштуу Чоң коллегия Макулдашуунун ченемдерин жана анын негизинде кабыл алынган ЕАЭБ органдарынын актыларын ички рынокту куруу максатын ишке ашыруу үчүн зыян келтирбестен керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо менен бирге товарлардын эркин кыймылын камсыздоого багытталган Бирликтин жалпы максаттарынын жана Келишимдин максаттарынын да алкагында чечмеленүүгө тийиш деген тыянак чыгарат.

**2.** Макулдашуу Бирликтин алкагында унификацияланган идентификациялоо каражаттары менен товарларды маркалоонун тартибин аныктайт. Макулдашуунун 2-беренесинин 2-пунктуна ылайык, анын күчү аларга карата маркалоону ишке киргизүү жөнүндө чечим кабыл алынган товарларды өндүрүүнү жана (же) жүгүртүүнү жүзөгө ашыруучу юридикалык жактарга жана жеке ишкерлерге, ошондой эле эмитенттерге жайылтылат. Макулдашуунун 1-беренесинде эмитенттер деп идентификациялоо каражаттарын жана (же) идентификациялоо каражаттарын камтыган материалдык алып жүрүүчүлөрдү даярдоону, генерациялоону жана (же)

сатууну жүзөгө ашыруучу мүчө мамлекеттердин аткаруу бийлик органдары жана уюмдар түшүнүлөт.

Макулдашууну натыйжалуу ишке ашырууну камсыз кылуу максатында № 11 тескеме менен Комиссиянын Кеңешине идентификациялоо каражаттары менен товарларды маркалоону ишке киргизүүдө унификацияланган ыкмаларды камсыз кылуучу маркалоо системасынын базалык технологиялык уюштуруу моделин аныктоо тапшырмасы берилген. Мүчө мамлекеттерге Бирликтин рыногунда маркалоонун улуттук системаларынын ар кандай стандарттары менен байланышкан тоскоолдуктарды болтурбоо максатында өз аймактарында маркалоону киргизүүдө базалык моделди колдонуу сунушталган. Бирликте маркалоо системасынын негизги технологиялык уюштуруу модели «Евразия экономикалык биригинде товарларды идентификациялоо каражаттары менен маркалоо системасынын базалык технологиялык уюштуруу модели жөнүндө» Комиссиянын Кеңешинин 2021-жылдын 5-мартындагы № 19 чечимине (мындан ары – № 19 чечим) ылайык ишке киргизилген. «Евразия экономикалык биригинде товарларды идентификациялоо каражаттары менен маркалоодо бирдиктүү криптографиялык коргоо механизмдери жөнүндө» ЕЭК Кеңешинин 2021-жылдын 23-апрелиндеги № 41 чечиминин негизинде (мындан ары – № 41 чечим) ЕАЭБде товарларды маркалоодо бирдиктүү криптографиялык коргоо механизмдери белгиленген.

№ 41 чечимдин 1-пунктунун «а» жана «б» пунктчаларда айтылгандай, Бирликте маркаланган товарларды идентификациялоо каражаттарын криптографиялык коргоону камсыз кылуу этаптар боюнча жүзөгө ашырылат:

– 2021-жылдын 1-июлунан тартып 2026-жылдын 1-августуна чейин мүчө мамлекеттер идентификациялык каражаттарды криптографиялык коргоону мамлекеттер аралык стандарттарга ылайык, ал эми мындай мүмкүнчүлүк жок болгон учурда – мүчө мамлекеттердин улуттук стандарттарына ылайык камсыз кылат;

– 2026-жылдын 1-августунан тартып Бирликте идентификациялоо каражаттарын криптографиялык коргоонун бирдиктүү ыкмаларын колдонуу камсыз кылынат.

№ 41 чечимдин 1-пунктунун «а» жана «б» пунктчаларынын мазмуну Чоң коллегияга ушул консультациялык корутундуну берүү учурунда Макулдашууну ишке ашыруу процесси аяктай электиги жана 2026-жылдын 1-августуна чейинки мезгилде Бирликте идентификациялоо каражаттарын криптографиялык коргоонун бирдиктүү ыкмалары колдонулбаган өткөөл мезгил иштей тургандыгы, ошого байланыштуу мамлекеттер аралык

стандарттар, ал эми алар жок болгон учурда – мүчө мамлекеттердин улуттук стандарттары колдонула тургандыгы жөнүндө тыянак чыгарууга негиз берет.

**3.** Макулдашуунун 1-беренеси «маркаланган товарлар» түшүнүгүн киргизет жана аларды белгиленген талаптарды сактоо менен идентификациялоо каражаттары жана алар жөнүндө улуттук компонентте камтылган ишенимдүү маалыматтар түшүрүлгөн товарлар катары аныктайт. Бул укуктук ченемге жүргүзүлгөн анализ көрсөткөндөй, маркаланган товарларга эки шартка жооп берген товарлар кирет: (1) аларга белгиленген талаптарды сактоо менен идентификациялоо каражаттары түшүрүлгөн; (2) товарлар жөнүндө ишенимдүү маалыматтар улуттук компонентте камтылган. Каралып жаткан ченем-аныктама товарды маркаланган деп таануу үчүн башка шарттарды камтыбайт. Демек, азыркы учурда товардын «маркаланган» статусу идентификациялоо каражаттары жөнүндө маалыматты аймагына маркаланган товар ташылган мүчө мамлекеттин маалыматтык системасынын улуттук компонентине берүүдөн көз каранды эмес.

Макулдашуунун 1-беренесин чечмелөөнү башкача ыкмада жүргүзүү бир эле товардын мүчө мамлекеттерде ар кандай статуска ээ болушун билдирет, бул ЕАЭБдин ички рыногунда товарлардын эркин кыймылынын алкагында алардын мыйзамдуу жүгүртүүсүн камсыз кылуу сыяктуу Макулдашуунун бул максатына карама-каршы келет. Макулдашуунун 1-беренесине ылайык «идентификациялоо каражаттары» катары штрих-код түрүндө берилген же радио жыштыгынын белгисине жаздырылган же автоматтык түрдө идентификациялоонун башка каражаттарын (технологияларын) колдонуу менен берилген машина окуй турган формадагы символдордун уникалдуу ырааттуулугу түшүнүлөт. Өз кезегинде, Макулдашуунун 6-беренесинин 1-пунктунун «г» пунктчасын жана 9-беренесин, ошондой эле № 19 чечимдин 38, 42 жана 49-пункттарын системалуу чечмелөөдө көрүнүп тургандай, аймагында тиешелүү товарларды маркалоо жүзөгө ашырылган эмитент-мамлекеттин товарларын маркалоонун маалыматтык системасынын компонетти улуттук компонент болуп саналат.

**4.** Макулдашуунун 5-беренесинин 1-пунктунун «в» пунктчасына ылайык Комиссиянын Кеңеши ЕАЭБдин Тышкы экономикалык ишинин бирдиктүү Товардык номенклатурасына ылайык алардын коддорун көрсөтүү менен маркаланууга тийиш болгон товарлардын тизмегин бекитет жана ошол эле убакта мүчө мамлекеттердин компетенттүү органдарынын ортосунда жана мүчө мамлекеттердин компетенттүү органдары менен Комиссиянын ортосунда берилүүчү маркаланган товарлар жөнүндө маалыматтардын форматын, курамын жана түзүмүн, ошондой эле мындай маалыматтарды берүү мөөнөттөрүн аныктайт.

Ошентип, Макулдашуунун 5-беренесинин 1-пунктунда айтылгандай, идентификациялоо каражаттарында камтылууга тийиш болгон маалыматтардын курамы жана түзүмү, ошондой эле мүчө мамлекеттердин компетенттүү органдарынын ортосунда жана мүчө мамлекеттердин компетенттүү органдары менен Комиссиянын ортосунда берилүүчү маркаланган товарлар жөнүндө маалыматтардын форматы, курамы жана түзүмү маркаланууга тийиш болгон продукциянын ар бир түрүнө карата ЕЭК тарабынан аныкталат.

Макулдашуунун 5-беренесинин 5-пунктунда улуттук мыйзамдарга ылайык маркалануучу товарларга карата Бирликтин алкагында товарларды маркалоо ишке киргизилген датадан тартып мүчө мамлекеттер Бирликтин мыйзамдарында каралган тартипте өз аймактарында мындай товарларды маркалоону камсыз кыла тургандыгы белгиленген.

Чоң коллегия Бирликтин мыйзамдык актысы катары Макулдашуунун артыкчылык принцибине байланыштуу товарды маркаланган деп таануу критерийлери Бирликтин алкагында же өзүнчө мүчө мамлекетте маркаланганынан көз каранды эместиги тууралуу тыянак чыгарат.

**5.** Айрым товарларды маркалоону ишке киргизүү тууралуу Макулдашуунун 7-беренесинин 4-пунктунун негизинде ЕЭК Кеңеши тарабынан кабыл алынган чечимдер Бирликтин мыйзамдарында маалыматтык өз ара аракеттенүүнүн бир нече ыкмалары колдонуларын, анын ичинде идентификациялоо каражаттарын өз ара таануу жүргүзүлөрүн күбөлөндүрүп турат.

Арыз ээсинин суроосун эске алуу менен, Чоң коллегия «Сүт азыктарынын айрым түрлөрүн идентификациялоо каражаттары менен маркалоону ишке киргизүү жөнүндө» ЕЭК Кеңешинин 2020-жылдын 23-декабрындагы № 129 чечиминин (мындан ары – Сүт азыктарын маркалоо жөнүндө № 129 чечим) текстине кайрылууну зарыл деп эсептейт. Аталган чечимдин 2-пунктунун 18-абзацына ылайык эки же андан көп мүчө мамлекеттер өздөрүнүн аймагында товарларды маркалоону ишке киргизген датадан тартып алар мүчө мамлекеттердин мыйзамдарынын талаптарына ылайык криптографиялык каражаттарды колдонуу менен корголгон идентификациялык каражаттардын аныктыгын тастыктоо максатында идентификациялоо каражаттары жөнүндө маалыматты экспорттоочу мамлекеттин улуттук оператору тарабынан импорттоочу мамлекеттин улуттук операторуна берүү жана улуттук операторлордун ортосунда маалыматтык өз ара аракеттенүүнү уюштуруу (криптографиялык коргоонун бирдиктүү ыкмалары жок болгон учурда) шартында ушул чечимге ылайык түзүлгөн идентификациялоо каражаттарын өз ара таанууну камсыз кылышат.

Сүт азыктарын маркалоо жөнүндө № 129 чечимде бул продукцияга карата тиешелүү принциптин иштеши идентификациялоо каражаттары жөнүндө маалыматтарды берүү шартында идентификациялоо каражаттарын өз ара таануунун, ошондой эле идентификациялоо каражаттарынын аныктыгын тастыктоо максатында улуттук операторлордун ортосундагы маалыматтык өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашыруунун өзгөчө режими белгиленгендигин көрсөтүп турат. .

Сүт азыктарын маркалоо жөнүндө № 129 чечимдин 2-пунктуна ылайык идентификациялоо каражатына маалыматтардын үч тобу кирет: товардын коду, жеке сериялык номери жана текшерүү коду. № 19 чечимдин 31-пунктунда айтылгандай, текшерүү коду идентификациялык коддун толуктугун жана аныктыгын камсыз кылуу үчүн иштелип чыккан жана операторлор тарабынан түзүлөт (эсептелет).

Сүт азыктарын маркалоо жөнүндө № 129 чечим менен бекитилген ЕАЭБдин мүчө мамлекеттеринин компетенттүү органдарынын ортосунда жана мүчө мамлекеттер менен ЕЭКтин компетенттүү органдарынын ортосунда берилүүчү маркаланган товарлар жөнүндө маалыматтардын форматына, курамына жана түзүмүнө карата талаптардын 8-таблицасына ылайык товарларды транс чек аралык ташууда текшерүү кодун берүү зарылчылыгы экспорттоочу болуп саналган мүчө мамлекеттин мыйзамдарына ылайык аныкталат.

Чоң коллегия Сүт азыктарын маркалоо жөнүндө № 129 чечимде маалыматтардын эки тобун милдеттүү түрдө берүү каралган жана текшерүү кодун берүү талап кылынбайт деген негизге таянат. Мындай маалыматты берүү мүмкүнчүлүгү эмитент-мамлекеттин мыйзамдары менен жөнгө салынат. Мындай тыянак № 19 чечимдин тиркемесинин № 8 таблицасындагы 9-пункттун экинчи абзацында белгиленген жалпы жөнгө салуучу жобого шайкеш келет, ага ылайык ачкычтын идентификатору жана текшерүү коду жөнүндө маалыматтарды берүүнүн зарылдыгы эмитенттин мүчө мамлекетинин мыйзамдарында белгиленет.

Сүт азыктарын маркалоо жөнүндө № 129 чечимге жүргүзүлгөн анализдин негизинде Чоң коллегия, эгерде экспорттоочу мамлекеттин мыйзамдарында товарларды транс чек аралык ташууда текшерүү кодун берүү каралбаса, импорттоочу мамлекеттин улуттук компонентиндеги тиешелүү маалыматтын жоктугу идентификациялоо каражаттарын өз ара таанууга таасирин тийгизбейт жана Макулдашуунун 1-беренесинин мааниси боюнча тиешелүү товарды маркаланган деген статустан ажыратпайт деп эсептейт.

**6.** Чоң коллегия товарларды идентификациялоо каражаттарын өз ара таануу Бирликтин бирдиктүү (жалпы) рыногуна мүнөздүү болгон

Келишимдин 3-беренесинде каралган өз ара пайдалуу ак ниет кызматташуу принцибинин элементи болуп саналат деп эсептейт. Бул принцип товарлардын эркин кыймылы жана мүчө мамлекеттердин өз ара соодада тарифтик эмес жөнгө салуу чараларын колдонуусуна тыюу салуу тууралуу Келишимдин 25 жана 28-беренелерин өз ара байланыштырып окуган учурда түшүнүктүү болот жана бир мүчө мамлекеттин аймагында мыйзамдуу түрдө өндүрүлгөн жана жүгүртүүгө киргизилген товарлар башка мүчө мамлекеттин аймагында эркин жүгүртүлөт дегенди билдирет.

Чоң коллегия товарлардын эркин кыймылы принцибин ишке ашыруу катары идентификациялоо каражаттарын өз ара таануу ички рыноктогу тоскоолдуктарды жоюуга багытталганын белгилейт. Бажы органдарынын чечимдерин өз ара таануу боюнча ушул сыяктуу ыкма Беларусь Республикасы тарабынан Келишимди, Бажы биримдигинин Бажы кодексин жана Бажы биримдигинин мүчө мамлекеттеринин бажы органдарынын өз ара административдик жардам көрсөтүүсү жөнүндө макулдашууну аткаруусу жөнүндө Россия Федерациясынын арызына ылайык 2017-жылдын 21-февралындагы № С-2/16 иш боюнча чечимде баяндалган. Мындай жагдайларда Келишимдин 29-беренесинин 1-пунктунда тизмектелген кызыкчылыктарды коргоого же башка мыйзамдуу кызыкчылыктарды коргоого, мисалы, керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоого багытталган, Келишимде туюндурулган товарлардын эркин кыймылы принцибинен кандайдыр бир четтөөлөр кеңири чечмелөөгө жатпайт. Мындай ыкма Келишимдин 29-беренесинин 1-пунктунун жоболорунун колдонулушу жөнүндө ЕЭКтин арызына ылайык 2017-жылдын 30-октябрындагы № R-3/17 иш боюнча Соттун консультативдик корутундусунда белгиленген позицияга шайкеш келет.

**7.** Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, Чоң коллегия төмөнкүдөй тыянак чыгарат:

Товардын «маркаланган» статусу аймагына тиешелүү товар ташылган мүчө мамлекеттин товарларын маркалоонун маалыматтык системасынын улуттук компонентине товарды идентификациялоо каражаттары жөнүндө маалыматтарды берүүдөн көз каранды болбойт.

Бирликтин мыйзамдарында транс чек аралык соодада идентификациялоо каражаттарын өз ара таанууга байланыштуу импорттоочу мамлекет үчүн, ал тургай анда маркалоо кодунун компонеттеринин бөлүгү жөнүндө гана маалымат болгон учурда да, Макулдашууга ылайык маркаланган товарларды өзүнүн аймагынан башка мүчө мамлекеттин аймагында жүгүртүүгө тоскоолдук кылуу мүмкүндүгүнө жол берилбейт.

**IV. Корутунду жоболор**

Ушул консультативдик корутундунун көчүрмөсү арыз ээсине жөнөтүлсүн.

Консультативдик корутундунун тексти Соттун расмий интернет-сайтында жарыялансын

| | |
|---|---|
| Төрагалык кылуучу | Э.В. Айриян |
| Судьялар | А.М. Ажибраимова<br>Ж.Н. Баишев<br>Д.Г. Колос<br>Т.Н. Нешатаева<br>В.Х. Сейтимова<br>Г.А. Скрипкина<br>А.Э. Туманян<br>А.А. Федорцов<br>К.Л. Чайка |